**ДОЛБООР**

**БЕКИТЕМИН**

**Ылай-Талаа Айылдык кеңешинин төрагасы**

**__________________________________________ Жолдошев Н. Ж.**

**«________» _____________________2020-ж.**

# Жергиликтүү жамаат менен Ылай - Талаа айыл аймагынын ЖӨБ органдарынын 2021-жылга карата БИРГЕЛЕШКЕН АРАКЕТТЕР ПЛАНЫ

***Багыты: Инфраструктура ЖММ 2) муниципалдык менчикти башкаруу;***

**1. Көйгөйдүн аталышы жана сүрөттөлүшү: Электр кубаттуулугунун жетишсиздиги**

1989-жылдан баштап жаңы конушта башкасы болсо да (мектеп, ФАП), электр энергиясына ушул мезгилге чейин көңүл бөлүнө элек. КК РЭС ишканасы АӨгө шылтайт, ал эми АӨ РЭСке айтат. Эптемей кылып жашоочулар өздөрү тартып алган электр чубалгылары аркылуу жетиштүү электр энергия жетпейт жана электр коопсуздугу болуусу мүмкүн болууда. Себеби, айыл чачкын, ар колотто жайгашкан. Ар деңгээлдеги шамалдар күз айларынан баштап, жазга чейин болот. Ошондой эле трансформаторлордун саны, кубаты аз болууда. Жылда жогорку жактарга кат түрүндө кайрылуу жасоодобуз, бирок жыйынтык жок.

**Сары-Таш** айылында электр чубалгыларынын сапаты өз алдынча тартылган жана электр энергиянын кубаттулугуу талапка жооп бербейт. 1993-жылдан баштап жаңы конушта электр энергиясына ушул мезгилге чейин көңүл бөлүнө элек. КК РЭС ишканасы АӨгө шылтайт, ал эми АӨ РЭСке айтат. Эптемей кылып жашоочулар өздөрү тартып алган электр чубалгылары аркылуу жетиштүү электр энергия жетпейт жана электр коопсуздугу болуусу мүмкүн болууда. Себеби, айыл чачкын, ар колотто жайгашкан. Ар дэңгелдеги шамалдар күз айларынан баштап, жазга чейин болот. Ошондой эле трансформаторлордун саны, кубаты аз болууда. Жылда жогорку жактарга кат түрүндө кайрылуу жасоодобуз.

**Жаңы конуш Шаркыратма** айылында электр чубалгыларынын сапаты өз алдынча тартылган жана электр энергиянын кубаттулугу талапка жооп бербейт.

**Бенефициарлар:** Ылай-Талаа айыл аймагынын Жылкол жаңы конушундагы 78 үй-бүлө (320 адам), Шаркыратма жаңы конушундагы 176 үй-бүлө (586) жана Сары-Таш жаңы конушундагы 69 үй – кожолук (236 адам).

## ДОЛБООР

| Максаты | Тапшырмалар/ Иш-чаралар | Айылдын аталышы | Мөөнөтү | Каржылоо (миң сом) | | | | Тараптардын катышуусу жана жоопкерчилиги | Күтүлгөн жыйынтык |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | Жерг. бюдж | РБ | Донор | Башка | | |
| 2021-жылда электр энергиясын сапаттуу жетиштүү камсыз кылуу. Жылкол, Шаркыратма жана Сары-Таш жаңы конуш айылдарын (Уйкана участкасы) 2021-жылы сапаттуу, жетиштүү кубаттуулукта электр энергиясын берүү | **1-тапшырма:**<br>Көйгөйдү чечүү боюнча жумушчу топ менен биргеликте элге сапаттуу электр энергиясы боюнча уюштуруу иштерин жүргүзүү:<br>- Айыл өкмөтүнүн электр линияларын жаңылоо боюнча токтому.<br>- Райондук электр тармактары ишканасы менен келишим даярдоо.<br>- Мыйзамга ылайык керектелүүчү башка иш-кагаздарын жөнгө салуу. | Жылкол, Шаркыратма жана Сары-Таш | Январь – февраль 2021-ж. | 20, 0 | 0 | 0 | 0 | - АӨ башчысынын орун басары Бекиев Ш.<br>- Айыл башчы<br>- АӨ ФЭБ башчысы Жолдошева А.<br>- Айылдык Кеңештин депутаттары<br>- ДТ лидери Коңурбаев Б.<br>- Райондук электр тармактары ишканасы | - Айыл өкмөтүнүн токтому кабыл алынды.<br>- Кара-Кулжа райондук электр тармактары ишканасы менен анализ жасалып, келишим түзүлдү |
| | **2. Көйгөйдү чечүү боюнча каржы булактарын изилдөө:**<br>- Жергиликтүү бюджет боюнча анализ жасоо.<br>- Жылкол, Шаркыратма жана Сары-Таш айылдарындагы жаңы көчөлөрдөгү линияларды өзгөртүү боюнча смета түзүү.<br>- Элдин мүмкүнчүлүктөрүн анализдөө (жолугушуу, жыйындар).<br>- Кошумча булактарды табуу (донордук уюмдар, жергиликтүү спонсорлор, марафон, ж.б.) | Жылкол , Шаркыратма жана Сары-Таш | Март – апрель 2021-ж. | 30 ,0 | 0 | 0 | 0 | | - Жергиликтүү бюджеттен акча бөлүнгөндүгү тууралуу Айылдык Кеңеш токтом кабыл алды.<br>- Донордук уюмдарга долбоор даярдалып, кайрылуу жасалды.<br>- Айыл деңгээлинде марафон өткөрүлдү.<br>- Элдик салым боюнча чечим кабыл алынды |
| | 3. Сары-Таш айылындагы Уйкана участкасына 20 ж/б мамы, 0,75 км аба чубалгысын, Шаркыратма айылындагы Кара-Ой участкасында 20 ж/б мамы, 0,75км аба чубалгыларын, Үч-Коргон участкасында 23 ж/б мамы, 0,8 км аба чубалгыларын, Тартма участкасында 15 ж/б мамы, 0,5 км аба | Жылкол, Шаркыратма жана Сары-Таш | Май – июль 2021-ж. | 250,0 | 0 | 2200,2 | 300,0 | | - Жылкол, Шаркыратма жана Сары-Таш айылдарынын участкаларында жалпысынан 120 ж/б столба алмаштырылып, башкадан 44 км электр линия |

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | чубалгыларын, Жылкол айылында жалпы 45 ж/б мамыларын 1,9 км электр линияларды, бардык столба-ларды алмаштырып, жаңы линия тартуу | | | | | | | | тартылды. Айылдын жашоочулары сапаттуу электр энергия менен камсыз болушту |
| | 4. Аткарылган иштер боюнча маалы-маттарды даярдоо жана элге таратуу:<br>- Элдик жыйындарды өткөрүү.<br>- Маалымат такталары аркылуу билдирүү | Жылкол, Шаркы-ратма жана Сары-Таш | Ноябрь – декабрь 2021-ж. | 20 | | | | | - Айылда 2 жолу жыйын өткөрүлдү.<br>- Маалымат такта-ларда малыматтар берилди |

***Багыты: ЖММ 4) Калкты ичүүчү суу менен жабдуу***

**2. Көйгөйдүн аталышы жана сүрөттөлүшү: Ылай-Талаа айыл аймагында таза суунун жетишсиздиги**

Сай айылында ичүүчү суунун жетишсиздиги ар бир үй кожолук суу чорголоруун суу эсептегичтерисиз киргизгендиктен болууда. Таза суу көйгөйлөрү 20198-2019-жылдары араб фондулары, БУУ ДАТП, Швейцария өкмөтү (“Элдин үнү...” долбоору) жана башка донорлор тарабынан 4 км аралыктан өз алдынча агуучу суу системасын куруу аркылуу айыл жашоочуларына Кара-Булак суусу d=140 мм п/э суу түтүктөрү менен алынып келинген. Сай айылынын кээ бир участкаларында жалпысынан 5,5 км аралыка d = 50мм; d = 63мм; d = 75мм п/э суу түтүктөрү тартылып, көмүлүп , жаңы 90 $м^3$ суу кампа курулду, эски 60 $м^3$ суу кампа оңдоодон өткөрүлүп тегеректери тосуулу менен жаңы хлорлоочу жабдыктары менен жай курулду жана ошондой бир гана “Элдин үнү...” долбоору тарабынан Ак-Талаа, Кош-Тектир, Котур-Дөбө участкаларына суу насос менен таза суу чыгарылып ар бир кожолукка суу эсептегичтери аркылуу таза суу киргизилди. Суу жеткиликтүү болушуна суу эсептегичтердин ролу чоң экен. Сай айылына дагы суу эсептегичтерди орнотпосок, таза суу жеткиликтүү болбойт. Сууларды агызып коюу менен суу жетишпей, АӨ жетекчилери, айыл жашоочулар арасында жана ИСКАКБ кызматкерлеринин ортосунда чырлашуу болууда жана ал чыңала берет. Ошол себептен, бул көйгөйдү тез арада чечүү зарыл.

**Ошондой эле Жылкол** айылда ичүүчү таза суу жок. Баары ат, эшек, жөө жана автоунаалар менен 1,5-2 км алыстыктагы Тар дарыясынан ташышат. Кышта, аба ырайы начар мезгилдерде жана башка учурларда кардын, жаандын сууларын ичишет. Бул жагдайдын негизинде ичеги-карын, жугуштуу ооруларынын көбөйүшүнө алып келүүдө. Бел-Башат участкасындагы 6 км аралыктагы Шар-Булак булак сууларын d=110 мм п/э суу түтүктөрү менен алып келүүгө болот. Өз алдынча агуучу суу системасын куруу керек. Ага 10 млн сомдук каражат талап кылынат. Донор, каражат изделүүдө.

**Шаркыратма** айылында 90 кожолукта 495 адам жашайт. АӨ бюджети чамалуу болгондуктан, толугу менен айылды таза суу менен камсыздоо болбой жатат. 2000-жылы 13 км аралыктан Кайнама таза суу системасы курулуп, бирок сапатсыз курулгандыгына байланыштуу суу түтүкчөлөр жарылып, суу элге толук жетпей жатат. Жаандын, кардын жана шор сууларды айыл жашоочулар пайдалангандыктан жугуштуу оорулардын саны көбөйүүдө. Жылдан-жылга элдин саны өскөндүгүнө байланыштуу, таза сууга болгон муктаждык жогорулоодо.

**Ылай Талаа айылында** ичүүчү суунун жетишсиздиги ар бир үй кожолук суу чорголорун суу эсептегичтерисиз киргизгендиктен болууда. Таза суу көйгөйлөрүү 2018- жылы араб фондулары, БУУ ДАТП, БУУӨП тарабынан 2 км аралыктан суу насосун куруу аркылуу айыл жашоочуларына

**ДОЛБООР**

Кара-Булак суусу d=110 мм п/э суу түтүктөрү менен алынып келинген. Ылай-Талаа айылынын кээ бир участкаларында жалпысынан 4,5 км аралыка d = 50мм; d = 63мм; d = 75мм п/э суу түтүктөрү тартылып көмүлдү. Эски 120 м$^3$ суу кампа оңдолду. Жаңы жабдыктары менен хлордоочу жай курулду. Суу жеткиликтүү болушуна суу эсептегичтердин ролу чоң экен. Сай айылына дагы суу эсептегичтерди орнотпосок таза суу жеткиликтүү болбойт. Сууларды агызып коюу менен суу жетишпей, АӨ жетекчилери, айыл жашоочулар арасында жана ИСКАКБ кызматкерлеринин ортосунда чырлашуу болууда жана ал чыңала берет. Ошол себептен бул көйгөйдүү тез арада чечүү зарыл.

**Бенефициарлар:** Ылай-Талаа айыл аймагынын Сай айылындагы 2100гө жакын адам, Жылкол айылынын жашоочулары – 320 адам, Шаркыратма айылынын жашоочулары – 586 адам.

| Максат | Тапшырмалар/ Иш-чаралар | Айылдын аталышы | Мөөнөтү | Каржылоо (миң сом) | | | | Тараптардын катышуусу жана жоопкерчилиги | Күтүлгөн жыйынтык |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | Жерг. бюдж | РБ | Донор | Башка | | |
| 2021-ж. Шаркыратма, Жылкол айылдарынын жашоочуларына жеткиликтуу таза суу берүү | 1. Көйгөйдү чечүү боюнча жумушчу топ менен таза сууга жетүү боюнча уюштуруу иштерин жүргүзүү:<br>- Мыйзамга ылайык керектелүүчү келишимдер, иш-кагаздарды жөнгө салуу.<br>1.1. Жылкол айылына 4 км аралыктан Ноот булагынын суусун п/э трубалары менен айылга алып келүү. | Сай, Жылкол жана Шаркыратма | Ноябрь 2021-ж. Январь – февраль 2021-ж. | 30,0 | | | | - АӨ башчысынын орун басары Бекиев Ш.<br>- Айыл башчы<br>- АӨ ФЭБ башчысы Жолдошева А.<br>- Айылдык Кеңештин депутаттары<br>- ДТ лидери Төрөжанов А.<br>- ИСКАКБ мүчөлөрү | - СЭС менен анализ жасалып, келишим түзүлдү.<br>- Булак сууларды изилдөө боюнча ишканалардын корутундусу берилди |
| | 1.2. Шаркыратма айылынын бардык участкаларына Кайнама булагынын суусун жеткиликтүү жеткирүү.<br>1.3. Сай айылындагы ар бир кожолукка суу эсептегичтери аркылуу суу түтүкчөлөрүн киргизүү менен толук таза суу менен камсыз кылуу. | Жылкол, Шаркыратма | 2021-ж. Май, июнь, июль 2021-ж. | | | | | | |
| | 2. Көйгөйдү чечүү боюнча каржы булактарын изилдөө:<br>- Смета түзүү.<br>- Жергиликтүү бюджет боюнча анализ жасоо.<br>- Элдин мүмкүнчүлүктөрүн анализдөө (жолугушуу, жыйындар). | Сай, Жылкол жана Шаркыратма | Март – апрель 2021-ж. | 40,0 | | | | | - Жергиликтүү бюджет боюнча Айыл Кеңешинин токтому кабыл алынды.<br>- Донордук уюмдарга долбоор даярдалды, кайрылуу жасалды. |

ДОЛБООР

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | - Кошумча булактарды табуу (донордук уюмдар, жергиликтүү спонсорлор, марафон, ж.б.) | | | | | | | | - Элдик салым боюнча чечим кабыл алынды |
| | 3. Таза сууну муктаж жерлерге жеткирүү:<br>3.1. Сай, Ылай-Талаа жана Сары-Таш айылдарынын суусу жок бардык участкаларына булак сууларын алып келүү.<br>3.2. Сай айылынын 3 км эски суу түтүк-төрүн ондоо жана 221 үй короого суу эсептегичтерин коюу менен таза сууну жетиштүү пайдалануу.<br>3.3. Жылкол айылына 6 км аралыктагы Шар-Булак суусун п/э d=110 мм суу түтүкчөлөрү менен алып келип, таза суу көйгөйүн чечүү; айыл арасында 2,5 км жерине п/э d= 32мм; 25мм; 15 мм жаңы суу түтүктөрүн тартуу жана 10 жерге суу чорголорун орнотуу.<br>3.4. Шаркыратма айылына караштуу Кара-Ой, Тартма жана Үч-Коргон участкаларына d= 50мм; 32мм; 25мм; 15мм п/э суу түтүктөрүн тартуу менен ичүүчү таза суу менен камсыз кылуу. Ошондой эле 6 км аралыкта-гы Кайнама булак таза суу система-сын ачык, начар көмүлгөн жерлерин кайрадан көмүү жана оңдоо | Сай, Жылкол жана Шаркы-ратма | Май – август 2021-ж. | 270,0 | | 8000 ,0 | 300,0 | | - Сай, Жылкол жана Шар-кыратма айылдарынын суусу жок бардык участ-каларына булак суулары тартылып келинди.<br>- Сай айылынын 200 жери-не жаңы суу түтүктөрү тартылып, суу эсептегич-тер орнотулду.<br>- Жылкол айылына караш-туу участкаларынын көчөлөрүндө 2,3 км ара-лыкка 50 мм п/э трубалары 2,3 км*0,8 м*0,6 м өлчөмүндөгү казылган чуңкурларга уланып жаткырылып көмүлдү. 10 жерге 25 мм гусактар орнотулду.<br>- Жаңыдан суу система жасалды. Ошондой эле 6 км аралыктагы Шар-Булак суусу d=110мм п/э суу түтүктөрү менен алынып келинди |
| | 4. Жергиликтүү ИСКАКБнын ишин күчөтүү:<br>4.1. Мүчөлөрдүн билимин жогорулатуу, Карасуу районундагы Кызыл-Кыш-так айыл аймагындагы ИСКАКБнын иши менен таанышып, тажрыйба алмашуу.<br>4.2. Тарифтерди кайра көрүп чыгуу коомчулукка маалымдоо жана пикир алмашуу | Сай, Жылкол жана Шар-кыратма | 2021-жыл | | | | | | - Карасуу районундагы Кызыл-Кыштак айыл аймагындагы ИСКАКБнын иши менен таанышып, июнь айында 1 тажрыйба алмашуу өткөрүлдү.<br><br>- Бир жыйын өткөрүлүп, тарифтер кайра каралды. |

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 4.3. МТБ жакшыртуу, жергиликтүү бюджеттен 30 мин сом акча каражаты каралат | | | | | | | | - ЖБдан 30 миң сом каралды |
| | 5. Аткарылган иштер боюнча маалымат тарды даярдоо жана элге таратуу:<br>- Элдик жыйындар өткөрүү.<br>- Маалымат такталар аркылуу | | 2021-ж., ноябрь | | | | | | Элдик жыйын 2 жолу болду. Маалымат такталарда маалыматтар илинди |

***Багыты: Инфраструктура. ЖММ 11) турмуш-тиричилик калдыктарын жыйноону, ташып кетүүнү жана керектен чыгарууну уюштуруу***

**3. Көйгөйдүн аталышы жана сүрөттөлүшү: Экологиянын бузулушу жана айыл аймагындагы таштандыларды чыгаруу ишинин уюшулбагандыгы**

**Шаркыртма айылында** 495 адам (90дон ашык үй түтүн) жашайт. Мына ушундай айылда, деги эле айыл аймак боюнча таштанды ташуучу ишкана түзүлө элек жана таштанды төгүүчү жай көрсөтүлүп берилген эмес. Айыл жашоочулары өз алдынча өрттөгөнүнөн башкасын өз билгендей ар жерге алып барып таштаашат. Айдоо жерлерди, колот-коктуну жана жол бойлорун клеёнка жана башка таштандылар басып кетүүдө. Жаз, күз мезгилдеринде айыл тургундары менен мектеп окуучулары тарабынан ишембилик өткөрүү менен тазаланууда. Таштанды көйгөйүн чечүү үчүн атайын муниципалдык ишкана түзүү жана таштанды төгүү үчүн жай көрсөтүлүүсү зарыл. Анткени айыл ичин таштанды басып кетүү менен жугуштуу оорулар пайда болууда, малдар таштанды жеп алып өлүүдө, экотехинспекциясы тарабынан тиешелүү айыл өкмөт кызматкерлерине жана АӨ юридикалык жактан айып пулдар 10 – 30 миң сомго чейин жылда салынууда. Көйгөй – артыкчылыктуу көйгөйлөрдүн сап башында турат.

**Ылай-Талаа айылында** 7 795 адам (1 200 ашык үй түтүн) жашайт. Мына ушундай чоң айылда, деги эле айыл аймак боюнча таштанды ташуучу ишкана түзүлө элек жана таштанды төгүүчү жай көрсөтүлүп берилген эмес. Айыл жашоочулар өз алдынча өрттөгөнүнөн башкасын өз билгендей ар жерге алып барып таштаашат. Айдоо жерлерди, колот-коктуну жана жол бойлорун клеёнка жана башка таштандылар басып кетүүдө. Жаз, күз мезгилдеринде айыл тургундары менен мектеп окуучулары тарабынан ишембилик өткөрүү менен тазаланууда. Таштанды көйгөйүн чечүү үчүн атайын муниципалдык ишкана түзүү жана таштанды төгүү үчүн жай көрсөтүлүүсү зарыл. Анткени айыл ичин таштанды басып кетүү менен жугуштуу оорулар пайда болууда, малдар таштанды жеп алып өлүүдө, экотехинспекциясы тарабынан тиешелүү айыл өкмөт кызматкерлерине жана АӨ юридикалык жактан айып пулдар 10 – 30 миң сомго чейин жылда салынууда. Көйгөй – артыкчылыктуу көйгөйлөрдүн сап башында турат.

**Бенефициарлар:** Ылай-Талаа айыл аймагынын Ылай-Талаа жана Сай айылдарынын жашоочулары (2000ге жакын үй-бүлө).

| Максат | Тапшырмалар/ Иш-чаралар | Айылдын аталышы | Мөөнөтү | Каржылоо (миңсом) | | | | Тараптардын катышуусу жана жоопкерчилиги | Күтүлгөн жыйынтык |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | Жерг.бюдж | РБ | До-нор | Баш-ка | | |
| Ылай-Талаа, Шаркыратма | **1-тапшырма:** Жумушчу топтун мүчөлөрү менен бир геликте таштандыларды таштоочу жайларды | Ылай-Талаа, Шаркыратма | Январь – февраль 2021-ж. | 20,0 | | | | - АӨ башчысынын орун басары,<br>- Айыл башчылар<br>- АӨ ФЭБ башчысы | АӨ токтому кабыл алынып, жерлер бөлүндү, Районархитектурадан |

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| айылда-<br>рынын<br>экология<br>лык<br>абалын<br>жакшыр-<br>туу | ачууга керектелүүчү иш-<br>кагаздарды даярдоо:<br>- АӨ токтому;<br>- Райархитектуранын корутундусу;<br>- Дефекттик акт<br>- Райкомхоз менен келишимдер | | | | | | | - Айылдык Кеңештин айыл чарбасы, жер, турак жай, курулуш, өнөр жай-энергетика, жаратылышты коргоо, көрктөн-дүрүү жана жашылдандыруу боюнча туруктуу комиссиянын мүчөлөрү<br>- ДТ лидери<br>- Жамааттардын лидерлери<br>- Райондук коммуналдык чарба ишканасы | корутунду, дефекттик акт, смета даярдалды.<br>Райондук коммуналдык чарба ишканасына келишим даярдалды |
| | **2-тапшырма:**<br>Ылай-Талаа жана Шаркырат-ма айылында атайын 2 жерге таштандыларды таштоочу жайларга жеткирүүгө техника алуу үчүн жергиликтүү бюд-жеттен акча каражат кароо.<br>- Көйгөйдү чечүү үчүн ко-шумча булактарды табуу (донордук уюмдар, ашар, марафон, жеке ишкерлер ж.б.) | Ылай-Талаа, Шаркыратма | Март – апрель 2021-ж. | | | | | | Чет элдик донордук уюмдарга (БУУӨП, АРИС, Швейцария өкмөтү ж.б.) долбоор даярдалды.<br>Жеке ишкерлерге кайрылуулар жасалды |
| | **3-тапшырма:**<br>Айыл аймагынын Ылай-Талаа, Шаркыратма айылда-рындагы 2 жерге таштанды-ларды таштоочу жай куруу.<br>Айыл аймактын деңгээлинде коммуналдык чарба ишкана-сын түзүү жана ал ишкана менен таштандыларды өз убагында алып кетүү боюнча келишим түзүү | Ылай-Талаа | Май – июнь 2021-ж. | 30,0 | | | | | 2021-жылкы жергиликтүү бюджеттен 50,0 миң сом акча каражаты бөлүндү.<br>Ылай-Талаа ААнын Ылай-Талаа жана Шаркыратма айылдарынын 2 жерине таштандыларды таштоочу жайлар бөлүндү. Айыл ай-мактын деңгээлинде ком-муналдык чарба ишканасы түзүлүп, аны менен таш-тандыларды өз убагында алып кетүү боюнча келишим түзүлдү |
| | **4-тапшырма:**<br>Таштандылар таштоочу 2 жер көрсөтүлүп, экологиялык абалга пайдасы тийгендиги | Ылай-Талаа, Шаркыратма | Ар дайым | | | | | | - Айылдарда 2 жолу жыйын өткөрүлдү.<br>- Маалымат такталарда маалыматтар берилди |

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | тууралуу жамаатчылыкка маалымат таркатуу:<br>- Элдик жыйындар аркылуу.<br>- Жергиликтүү газетадан маалымат берүү.<br>- Маалымат такталары аркылуу | | | | | | | | - Мечиттерде имамдар тарабынан тазалык жөнүндө маселелер айтылды<br>- Райондук “Мезгил үнү” газетасында макала басып чыгарылды |

***Багыты: социалдык. ЖММ 2) муниципалдык менчикти башкаруу; 20) балдар жана жаштар менен иштөө боюнча иш-чараларды жүзөгө ашырууну уюштуруу***

**4. Көйгөйдүн аталышы жана сүрөттөлүшү: Айылдарда мектепке чейинки балдардын тарбия жана билим алууга шарттары толук түзүлгөн эместиги**

**Сай айылында** Союздан калган жакшы типтеги 90 орундуу бала бакча 2001-жылы чет элдик донордун эсебинен оңдоодон өткөрүлүп, иштеп жатат. Бирок жылдан жылга жаш балдардын саны өскөнгө байланыштуу орун жетишпей, кезекке турган ата-энелер көбөйүүдө. 2018-жылы «Элдин үнү...» долбоору тарабынан айыл аймактагы үч бала бакчага 1,0 млн сом жардам көрсөтүлгөндө, бул бакчанын короосуна сыртта балдар ойноочу жайы салынган. Бала бакчанын мектепке чейинки балдарга тарбия, билим берүүдө ролу чоң болот. Ошондуктан балдарын бакчага берүү, кезекке туруу маселеси курч болууда. Кошумча класстарды ачуу үчүн имараттын аянтын чоңойтуу жана кызмат орундарын чечүү зарыл. Жер аянты бар. Кошумча орундарды жасоо менен көйгөйдү чечпесе, көйгөй улана берет.

**Жылкол айылында** бала бакчанын жоктугу. Айылда көп көйгөйлөрдүн бири – бул бала бакча болуп саналат. Жаңы бала бакча курууга муктажбыз. Чакан мектебибиздин имаратына бала бакча ачууга такыр мүмкүн эмес. Жаңы конуштагы ата-энелердин жаш курактары 45 жашка чейинки куракты түзөт. Ата-энелер жумуш жасоого шарттары болбой жатат. Мындан сырткары 1-класска чейинки жаш курактагы балдар тарбия, билим алуусу болбой калат экен.

**Шаркыратма айылында** мектепке чейинки билим берүү мекемеси жок. Айылда көп көйгөйдүн бири – бул бала бакча болуп саналат. Жаңы бала бакча курууга муктажбыз. Эски мектептин ордуна өз алдынча бала бакча курууга донор, каражат издөө милдети турат. Чакан мектебибиздин имаратына 30-35 орундуу бала бакча ачууга мажбур болдук. Жаңы конуштагы жаш курагы 45 жашка чейинки ата-энелер көбүнчө балдарын үйдө кармагандыктан, жумушка иштөөгө шарттары болбой жатат.

**Ылай-Талаа айылында** союздун убагындагы жакшы типтеги 190 орундуу жана 100 орундуу бала бакчалар сатылып, тонолуп жок болуп кеткендиктен, азыркы мезгилде эски АӨ имаратында 95 орундуу бала бакча ачтык. Бул бала бакчаны ишке киргизүү үчүн БУУӨП 560,0 миң сомдук, КР дем берүүчү грантынын 3,0 млн сомдук, АӨ 300 миң сомдук жана жеке ишкерлердин 600 миң сомдук акчалай жардамдары багытталды. Жана ошондой эле О. Абдылдаев, А. Осмонов мектептеринин имараттарында 90 жана 70 орундуу бала бакчаларды уюштурдук. Жылдан жылга жаш балдардын саны өскөнгө байланыштуу орун жетишпейт, ал эми кезекке турган ата-энелер көбөйүүдө. Бала бакчанын мектепке чейинки балдарга тарбия, билим берүүдө ролу чоң болот. Ошондуктан балдарын бакчага берүү, кезекке туруу маселеси курч болууда. А. Осмонов мектебинин жанында

**ДОЛБООР**
эки кабаттуу 200 орундуу бала бакча салууга жер аянты белгиленген. Донор, каражат жоктугунан эки жылдан бери башталбай турат. Жаңы орундарды түзүү менен көйгөйдү чечпесе, ата-энелер арасында чырлашуу курч абалга жетип турат.

**Бенефициарлар:** Ылай-Талаа айыл аймагынын Ылай-Талаа, Шаркыратма, Жылкол жана Сары-Таш айылдарынын жашоочулары (1800гө жакын үй-бүлө).

| Максаты | Тапшырмалар/ Иш-чаралар | Айылдын аталышы | Мөөнөтү | Каржылоо(миң сом) | | | | Тараптардын катышуусу жана жоопкерчилиги | Күтүлгөн жыйынтык |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | Жерг. бюдж | РБ | До-нор | Баш-ка | | |
| Ылай-Талаа айыл айма-гындагы Ылай-Талаа, Жылкол, Шаркы-ратма жана Сары-Таш айылдар-дагы мектепке чейинки жаштагы балдардын билимин жогору-латууга көмөк көрсөтүү | **1-тапшырма:** Жумушчу топ менен биргеликте бала бакчага кете турган иш кагаздарын даярдоо: | Ылай-Талаа, Шаркыратма, Сары-Таш, Сай, Жылкол | Январь – февраль 2021-ж. | 28,0 | | | | - АӨ башчысы Баатыров К.<br>- Айыл башчылар<br>- АӨ ФЭБ башчы-сы Жолдошева А.<br>- Айылдык Кеңеш-тин айыл чарба-сы, жер, турак жай, курулуш, өнөр жай-энерге-тика, жараты-лышты коргоо, көрктөндүрүү жана жашылдан-дыруу боюнча туруктуу комис-сиянын мүчөлөрү<br>- ДТ лидери Арсбаева М.<br>- Жамааттардын лидерлери | - Райархитектурадан корутунду, дефекттик акт, смета даярдалды |
| | 1.2. Айылдарда бала бакча шарттарын жакшыртуу үчүн иш кагаздарын даярдоо. | Ылай-Талаа , Шаркыратма, Сай, Жылкол | Январь – февраль 2021-ж. | 50,0 | | | | - АӨ башчысы Баатыров К.<br>- Айыл башчылар<br>- АӨ ФЭБ башчы сы Жолдошева А. | - Райархитектуранын корутундусу;<br>- Дефекттик акт, курулуш сметасы, ж.б. |

**ДОЛБООР**

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **2-тапшырма:**<br>Балдар бакчасын жакшыртууга жергиликтүү бюджеттен акча каражатын кароо.<br>- Көйгөйдү чечүү үчүн кошумча булактарды табуу (респ. дем берүүчү грант, донордук уюмдар, марафон, ашар, жеке ишкерлер ж.б.) | Ылай-Талаа, Сай, Жылкол, | Март – апрель 2021-ж. | 40,0 | | | | - Айылдык Кеңештин айыл чарбасы, жер, турак жай, курулуш, өнөр жай энергетика, жаратылышты коргоо, көрктөндүрүү жана жашылдандыруу боюнча туруктуу комиссиянын мүчөлөрү<br>- ДТ лидери Арсбаев М.<br>- Жамааттардын лидерлери | - 2021-жылы райархитектурага документтер үчүн жергиликтүү бюджеттен 40 миң сом бөлүндү.<br>- Эл аралык уюмдарга (ӨСИ) долбоорлор даярдалды.<br>- Республикалык дем берүүчү грантка долбоор жөнөтүлдү.<br>- Жеке ишкерлерге 4 кайрылуу жолдонду.<br>- Айыл аймактын деңгээлинде марафон өттү |
| | **3-тапшырма:**<br>3.1. Шаркыратма айылындагы эски мектептин имаратын оңдоо менен аны бала бакча кылуу.<br>3.2. “Сай” балдар бакчасына узуну 10 м туурасы 5 м болгон бош турган бөлмөсүн капиталдык ремонттон өткөрүү менен бала бакчанын тайпасын көбөйтүү.<br>3.3. Жылкол айылындагы мектептин имаратына 1-2 группа балдар бакчасын ачуу.<br>3.4. Ылай-Талаа айылындагы А. Осмонов атындагы мектептин жанындагы бош жерге эки кабаттуу 200 орундуу бала бакча куруу | Ылай-Талаа, Сай | Май – октябрь 2021-ж. | 200,0 | | 1000 ,0 | 100,0 | | - “Сай” балдар бакчасына узуну 10 м, туурасы 5 м болгон бөлмө бала бакчага ылайыкталып жасалды.<br>- Балдар ойноочу аянтча селкинчек, кумда ойноочу жай, скамейкалар ж.б. толукталып, орнотулду.<br>- Балдар ойноочу бөлмөгө 3 тайпага узуну 13 метр, туурасы 7 метр килем алынды.<br>- “Шаркыратма” балдар бакчасына балдар ойноочу аянтчаны тосуу узуну 30 м туурасы 28 м жерди тосууга темир тосмолор менен тосулду.<br>- Балдар ойноочу бөлмөгө узуну 6 м, туурасы 5.5 метр килемче сатылып алынды.<br>- Сабак өтүүчү, ойноочу бөлмөгө 2 даана бөлмө жылытуучу ток печка сатып алынды. |

ДОЛБООР

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **4-тапшырма:** Балдар бакчалары оңдолуп, ишке түшкөндүгү боюнча маалыматтарды даярдоо жана элге таратуу:<br>- Элдик жыйындар өткөрүү.<br>- Видеотасмалар тартып, элдерге таратуу<br>- Жергиликтүү газетадан маалымат берүү.<br>- Маалымат тактлары аркылуу | Ылай-Талаа, Шаркыратма, Жылкол, Сай | Ар дайым | 50,0 | | | | | - Айылдарда 4 жолу жыйын өткөрүлдү.<br>- Маалымат тактaларда малыматтар берилди.<br>- Интернет аркылуу аткарылган иштер жөнүндө видеомаалымат таратылды |

***Багыты: Инфраструктура (18-жергиликтүү маанидеги маселе) элдик көркөм чыгармачылыкты өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү***

**5. Көйгөйдүн аталышы жана сүрөттөлүшү: Ылай-Талаа ААнына Сай жана Жылкол айылдарында маданият үйүнүн жоктугу**

**Сай айылында** клубдун жоктугунан айыл жашоочулары маданий иш-чараларды, майрамдар жана чогулуштарды өткөрүүдө кыйналышууда. Шарт жоктугунан иш-чаралар өткөрүлбөйт, кээде мектептин спортзалында чакан мектепке байланыштуу иш-чаралар гана өткөрүлөт. Сай айылы жашоочулардын саны боюнча экинчи орунда турат. Калктын саны – 3000 адам. Атайын клуб керек. Донор, каражат болбой жатат. АӨ бюджети көтөрө албайт. Айыл өкмөт жетекчилиги эски мектептин ордуна клуб салууга көрсөтмө берген. 3,5 – 4 млн сомдук клубдун долбоору жана документ иштери даяр. Каражат маселесине келип, көйгөй чечилбей жатат. Айылдын жаштары жана жеке ишкер балдары тарабынан акча каражатын чогултуу демилгеси болууда.

**Жылкол айылында** Маданият үйүнүн жоктугу. Айыл жашоочулары менен жаштар айылда клуб болсо жакшы болот эле деп жатышат. Себеби, 7-8 каанасы бар толук эмес орто мектептин имаратында маданий иш-чараларды өткөрүүгө муктажбыз. Мектеп администрациясы макул болбой койгон учурлар көп. Ар кандай жыйын, жолугушуулар сыртта болот.

Жаңы конуш айыл болгондуктан, көп жылдан бери чечилбей келген көйгөйлөр көп. Жылда АӨ жетекчилерине жана башкаларга кайрылуудабыз. Жыйынтык жок. Ошол себептен бийлике ишенбөөчүлүк күч алууда.

**Бенефициарлар:** Жылкол айылынын тургундары – 450 киши, Сай айылынын тургундары – 2 850 киши

**ДОЛБООР**

| Максаты | Тапшырмалар/ Иш-чаралар | Айылдын аталышы | Мөөнөтү | Каржылоо (сом менен) | | | | Тараптардын катышуусу жана жоопкерчилиги | Күтүлгөн жыйынтык | Индика-тор |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | ЖБ | РБ | До-нор | Баш-ка | | | |
| Ылай-Талаа ААга караштуу Сай жана Жылкол айылда-рында жаңы маданият тармагын өркүн-дөтүү | **1-тапшырма:**<br>1.1. Сметалык документациясын бүтүрүү | Сай, Жылкол | 2021-ж. январь | 50,0 | 0 | 0 | 0 | АӨ башчысы, АӨ жер адиси | БАП бүткөрүлдү | 1 БАП |
| | **2-тапшырма:**<br>2.1. Жергиликтүү каржы булактарын тактоо жана бөлдүрүү.<br>2.2. Чет элдик донорлорду тартуу, марафон уюштуруу жана ашар ыкмасы менен оңдоо.<br>2.3. Эсептелген курулуш материалдарын иштетүүдө тиешелүү органдардан көзөмөлдөөнү бекиттирүү | Сай, Жылкол | 2021-ж. Октябрь – ноябрь | 0 | 0 | 0 | 0 | Айыл өкмөтү, демилгелүү топ, уюштуруу тобу, Маданият үйүнүн жетек-чилери | Аталган айылдын маданият үйлөрү толук ремонттон өткөрүлдү жана керектүү болгон эмеректер сатып алынды.<br>Аткарылган иштер боюнча маалымат тактасына жарыя берүү жана айылда коомдук угууларды өткөрүү | 1 жолу-гушуу<br><br>1 иш-чара<br><br>1 доку-ментке кол коюлду |
| | **3-тапшырма:**<br>3.1. Сай айылына Маданият үйүн куруу.<br>3.2. Жылкол айылына Маданият үйүн куруу | Сай, Жылкол | 2021-ж. май, декабрь | 300,0 | 600,0 | 300,0 | 100,0 | | Сай айылына Маданият үйү курулду.<br>Жылкол айылына Маданият үйү курулду | 300 орундуу<br><br>200 орундуу |
| | **4-тапшырма:**<br>4.1. Капиталдык ремонттон өткөрүүдө сарпталган каражаттар боюнча элге маалымат берүү, тактaларын уюштуруу.<br>4.2. Коомдук угууларды өткөрүү | Сай, Жылкол | 2021-ж. декабрь | 10,0 | 0 | 0 | 0 | | | 2 жыйын өттү<br><br>2 маа-лымат тактасына илинди |

**ДОЛБООР**

***Багыты: социалдык. ЖММ 2) муниципалдык менчикти башкаруу***

**6. Көйгөйдүн аталышы жана сүрөттөлүшү: Сары-Таш айылындагы Т. Назаров атындагы толук эмес орто мектебинин имараты жашоочулардын айрым шарттарга жооп бербейт**

**Сары-Таш** жаңы конуш айылында азырынча 62 кожолукта 295 адам жашайт. Дагы үй салууга жер тилкелерин алгандар көп. Мектеп 4-класска чейинки базада, эски уй ферманын конторасынын жана бала бакчасынын имаратында гана ачылган. Бирок мектептин абалы төмөн, начар. Анын үстүндө жогорку класстар окулбагандыктан айыл жашоочулар балдарын башка айылдарга окутуп кыйынчылыктар болууда. Шарты начар деп балдарын мектепке бербегендердин айынан, баланын саны аздыгынан улам, мектеп жабылуу коркунучунда да болгон. Мектеп ачыш абдан кыйын болгон. Ошондуктан жаңы типтүү мектеп салууга жер тилкеси АӨ тарабынан каралып берилген, бирок каражат жоктугунан ушул мезгилге чейин жаңы мектеп салына элек. Айыл жашоочулары тарабынан талап коюлуу менен чечилбей келе жатат. Жергиликтүү бюджеттин чамасы чактуу болгондуктан, бул көйгөй чечилбей жатат. Жылдан-жылга калк саны өскөндүгүнө байланыштуу мектепке болгон муктаждык да жогорулоодо.

**Бенефициарлар: Сары-Таш айылынын жашоочулары (79га жакын үй-бүлө)**

| Максаты | Тапшырмалар / иш- чаралар | Айылдын аталышы | Мөөнөтү | Каржылоо (миң сом) | | | | Тараптардын катышуусу жана жоопкерчилиги | Күтүлгөн жыйынтык |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | ЖБ | РБ | Донор | Башка | | |
| Сары-Таш айылындагы мектеп жашындагы балдардын сапаттуу билим алышына көмөк көрсөтүү | **1-тапшырма:**<br>Жумушчу топтун мүчөлөрү, ата-энелердин камкордук кеңеши менен биргеликте Бостон айылына жаңы 9-жылдык мектеп куруу үчүн керектелүүчү иш-кагаздарды даярдоо.<br>- Мектеп куруу үчүн жер ажыратылышы жөнүндө АӨ токтому.<br>- Райархитектуранын корутундусу.<br>- Дефекттик акт, курулуш сметасы ж.б.<br><br>**2-тапшырма:**<br>Сары-Таш айылында 9-жылдык мектеп куруу үчүн жергиликтүү бюджеттен акча каражаттарды кароо:<br>- Ата-энелердин камкордук кеңеши тарабынан берилген акча. | Сары- Таш<br><br>Сары- Таш | Январь – февраль 2021-ж. | 50 ,0 | | | | - АӨ башчысы: Баатыров К.<br>- Айыл башчылар<br>- АӨ ФЭБ башчысы Жолдошева А.<br>- Айылдык Кеңештин туруктуу комис-иянын мүчөлөрү<br>- ДТ лидери Мамазаиров С.<br>- Ата-энелердин камкордук кеңеши | - Мектеп куруу үчүн жер тилкесине токтом кабыл алды;<br>- Райондук архитектура<br>- Дефекттик акт, смета даярдалды<br>- 2021-ж. жергиликтүү бюджеттен бөлүндү.<br>- Ата-энелердин камкордук кеңеши тарабынан 500 миң сом акча топтолду.<br>- Донор уюмдарга долбоор даярдалды.<br>- Айыл аймактын деңгээлинде марафон өттү. |

**ДОЛБООР**

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | - Көйгөйдү чечүү үчүн кошумча булактарды табуу (респ. дем берүүчү грант, донордук уюмдар, марафон, ашар, жеке ишкерлер ж.б.) | | | | | | | - Райондук билим берүү бөлүмү | - Республикалык дем берүүчү грантка долбоор даярдалды |
| | **3-тапшырма:**<br>Сары-Таш айылына жаңы 350 орундуу 9-жылдык мектеп куруу үчүн долбоор даярдоо.<br><br>**4-тапшырма:**<br>Жаңы мектеп курулгандыгы тууралуу маалыматтарды даярдоо жана элге таратуу:<br>- Маалымат такталары аркылуу.<br>- Элдик жыйындарды өткөрүү.<br>- Видеотасмалар аркылуу.<br>- Жергиликтүү газетадан маалымат берүү. | Сары - Таш | Ар дайым | 30,0 | | | | | - Сары - Таш айылына жаңы 350 орундуу 9-жылдык мек теп курулушу учун долбоор даярдалат<br><br>- Жасалган жумуштар туур алуу элге маалыматтар берилди.<br>- Маалымат такталарына илинди. |

Ылай-Талаа айыл өкмөтүнүн башчысы : ______________________________ К. Баатыров

**«МАКУЛДАШЫЛДЫ»**

ДТ лидери «Таза суу жана электр энергия көйгөйлөрү боюнча» ________________________________________ Коңурбаев Б.

ДТ лидери «Мектепке чейинки билим берүү жана мектеп көйгөйү боюнча» ______________________________ Жусупова Д.

ДТ лидери «Таштанды маселелери боюнча» ________________________________________ Майлыбашев Б.

ДТ лидери «Маданият маселелери боюнча» ________________________________________ Саипова Б.